DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Самсалиева М.*

# КЫРГЫЗ ПРОФЕССИОНАЛДЫК ПОЭЗИЯСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ АДАБИЯТЧЫЛАРДЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ

*Самсалиева М.*

# ФОРМИРОВАНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОЭЗИИ В ИССЛЕДОВАНИЯХ ЛИТЕРАТУРОВЕДОВ

*M. Samsalieva*

# FORMATION OF KYRGYZ PROFESSIONAL POETRY IN THE RESEARCH OF LITERARY SCHOLARS

*УДК: 398.3:82 (575.2)(04)*

*Макалада XX кылымдын башындагы өлкөдөгү саясий-маданий абал, кыргыз профессионалдык поэзиясынын калыптанышынын негизги өбөлгөлөрү, жаңы жаралып, өнүгүүгө багыт алган поэзия менен бирге адабиятыбызды изилдөөнүн абалы тууралуу сөз жүрөт. Ошол мезгилдеги адабияттын абалы, жазуучу-акындардын жетишкендиктери жана кемчиликтери тууралуу алгачкы пикирлер, 30-40-жылдары жарык көргөн К.Рахматуллиндин, М.Богданованын, Т. Саманчиндин эмгектери тууралуу талдоолор жүрөт. Жаңы жаралган поэзияга фольклордун таасири, идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик жаңылануулар, көркөм аң-сезимдин эволюциялык баскычтарындагы ар түрдүү кубулуштар, адабий процесс сындуу маселелердин изилдениш тарыхы талдоого алынат. Совет бийлигинин жылдарында фольклор менен адабияттын карым-катышы тууралуу жүргөн өзгөчө талкуулар, жазылган бир катар кандидаттык, докторлук диссертациялар, К. Асаналиев, К. Артыкбаев, С. Жигитов, А. Садыков, А. Эркебаев, О.Ибраимов ж.б. авторлордун илимий эмгектери, монографиялары кеңири талдоого алынат.*

***Негизги сөздөр:** поэзия, фольклор, жаңычылдык, изилдөө, акыдар поэзиясы, таасир, илимий изилдөөлөр, талдоолор.*

*В статье рассматриваются социально-культурное положение в стране в начале XX века, основные предпосылки формирования кыргызской профессиональной поэзии, положение исследования литературы совместно с поэзией, которая возродилась и стремилась к развитию. Проведен анализ первоначальных отзывов о позиции литературы того времени, достижениях и недоработках писателей-акынов, трудов К.Рахматуллина, М.Богдановой, Т.Саманчина, опубликованных в 30-40 годах. Исследованы влияние фольклора на возрожденную поэзию, идейно-тематическая, жанровая-стилистическая новизна, различные явления на эволюционных стадиях художественного сознания, история исследования вопросов, таких как литературный процесс. Был проведен широкий анализ особых дискуссий о взаимосвязи фольклора и литературы во время Советской власти, ряда написанных кандидатских, докторских диссертаций, монографий и научных трудов К.Асаналиева, К.Артыкбаева, С.Жигитова, А.Садыкова, А.Эркебаева, О.Ибраимова и других авторов.*

***Ключевые слова**: поэзия, фольклор, новизна, исследование, поэзия акынов, влияние, научные исследования, анализы.*

*The article examines the socio-cultural situation in the country at the beginning of the twentieth century, the main prerequisites for the formation of Kyrgyz professional poetry, the position of the study of literature together with poetry, which was revived and sought to develop. The analysis of the initial reviews about the position of the literature of that time, the achievements and shortcomings of the writers-akyns, the works of K. Rakhmatullin, M. Bogdanova, T. Samanchin, published in the period of 1930-1940s, is carried out. The influence of folklore on the revived poetry, ideological-thematic, genre-stylistic novelty, various phenomena at the evolutionary stages of artistic consciousness, the history of the study of issues such as the literary process. Broad analysis of special discussions about the relationship between folklore and literature during the Soviet era, a number of written candidate and doctoral dissertations, monographs and scientific works of K. Asanaliev, K. Artykbaev, S. Zhigitov, A. Sadykov, A. Erkebaev, O. Ibraimov and other authors.*

***Key words**: poetry, folklore, novelty, research, akyns' poetry, influence, scientific research, analyzes.*

Байыркы мезгилдеги бешик, арман, секетбай, ашыктык ж.б. ырлардан өнүм алып, турган жеринде ырды жамгырдай сабалатып, обон менен коштоп, аспап менен шөкөттөп, калк алдына тартуулоочу ырчы, төкмөлөрдүн чыгармачылыгында торолуп, XX кылымдын башында профессионалдуулукка багыт алган кыргыз поэзиясынын калыптанышы бир катар фактылар менен аныкталат. Алардын биринчиси, адабиятчылар тарабынан «адабий процесс – маданий процесстин ажыратууга болбой турган бөлүгү [2, 344-б.]» - деп белгиленгендей, XX кылымдын алгачкы жылдарындагы өлкөдөгү маданий-саясий абалдын өзгөрүшү поэзиянын профессионалдук деңгээлинин жогорулашына болуп көрбөгөндөй салым кошту. Совет бийлигинин акырындап орношу менен калктын калың катмары сабатсыздыкты жоюу саясатынын алкагында бир катар иш чараларды аткарышты. Жапырт агартуу иштеринин аткарылышы, Пишпекте, Токмокто, Прежевальскиде, Нарында, Ошто ж.б. окуу жайларынын түзүлүшү, кыргыз жаштарынын алдыңкыларынын билим алуу үчүн окуу жайларга Ташкент, Алматыга жиберилиши, кыска мөөнөттүү курстардын ачылышы, басма иштеринин жолго коюлушу сындуу иштердин жүргүзүлүшү, алгачкы кыргыз интеллигенциясынын калыптанышына жана башка элдердин чыгармачылык тажрыйбаларын үйрөнүүгө, таалим алууга негиз болду. Мунун негизинде К.Тыныстанов, С.Карачев, О.Лепесов, А.Токомбаев, К.Баялинов өн-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дүү алгачкы «карлыгачтар» калыптана баштады. Башкача айтканда кыргыз адабияты анын ичинде поэзия жанры профессионалдуу деңгээлде калыптануу жолуна карай багыт алат. Экинчиси, жаңы жаралып, өнүгүүгө багыт алган поэзия менен бирге адабиятыбыздын кээ бир урунттуу учурлары, жазуучу-акындардын жетишкендиктери жана кемчиликтери тууралуу оң-терс пикирлер 1920-30-жылдары Т.Жолдошеев, М.Дөгдүров, Т.Саманчин, Ө.Жакишев, Ж.Самаганов ж.б. макалаларында айтылып, 30-40-жылдары К.Рахматуллиндин «Кыргыз совет адабияты» (Кыргыз адабиятынын очерктеринде 1943), М.Богданованын «Киргизская литература» (1947), Саманчин Т. Кыргыз адабияты 30 жыл ичинде (Советтик Кыргызстан, 1947, №11) эмгектеринде жалпыланма мүнөзүндөгү алгачкы талдоолор жүрөт. 50-жылдардан тарта адабияттын конкреттүү проблемаларына карата илимий изилдөөлөр жүрүп, алгачкы диссертациялык изилдөөлөр [10, 15, 16, 17, 18] жаралат. Мунун өзү кыргыз поэзиясынын өнүгүү багыттарын аныктап, жаш калемгерлеринин чыгармачылык жолуна, ишмердигине баа берүү менен келечектүү жолун аныктап турду.

Кыргыз поэзиясынын өнүгүүсүнүн алдыңкы жылдарында калемгерлер канча кылымдардан бери калыптанып келген оозеки чыгармачылыктын салттарына канып, жаңычыл идеяларды, ыкма-жолдорду өздөштүрүү менен профессионалдуу поэзиянын алгачкы пайдубалын курушту. Мындан улам адабий өнүгүүдөгү жазма адабият менен фольклордун карым-катышы адабиятчылардын кенен, ар тараптуу талдоолоруна ээ болгон. Совет бийлигинин жылдарында бул проблема өзгөчө талкууга алынып, Д.Н. Медриштин «Литература и фольклорная традиция (проблемы поэтики)» (Киев, 1983); С. Бахадырованын «Фольклор и Каракалпакская советская проза» (Ташкент, 1987); Х.Б. Башированын «Азербайджанская проза начало XX века и фольклор» (Баку, 1990); Г.И. Бабахановалын «Азербайджанские поэмы и фольклор (20-30-е гг.)» (Баку, 1987); Б.А. Байтанаевдин «Устнопоэтические традиции в художественной структуре казахского романа» (Алмата, 1994); И.В.Яковскаянын «Фольклорная традиция в поэме А.С. Пушкина «Полтава» (Волгоград, 2001); И.Т.Ярматовдун «Типология фольклоризмов в современной узбекской литературе 60-е нач. 80-х. гг.» (Ташкент, 1985) деген аталыштагы бир катар кандидаттык, докторлук диссертациялар жазылат. Ошондой эле У.Б. Даглаттын «Литература и фольклор: теоретич аспект» (1981); А.С. Бушминдин «Наука о литературе: Проблемы, Суждения. Споры» (1980); П.С. Выходцев «На стыке двух художественных культур. Проблемы фольклоризма в литературе. Об одном устойчивом заблуждении» (1979); П.С. Выходцев «Русская советская поэзия и народное творчество» (1963); П.С. Выходцев «Новаторство. Традиции. Мастерство» (1973); В. Петров “Роль фольклора в зарождении Якутской литературы” (1972) сындуу илимий эмгектер, монографиялар жарык көрдү. Мына ушул тенденция кыргыз адабият таануу илиминде да уланып, К. Асаналиевдин “Кыргыз прозасынын ишенимдүү ориентациясы жөнүндө” (Советтик Кыргызстан. 1965. 21-янв); К.Артыкбаевдин “Адабият таануубуздун актуалдуу маселеси; фольклор менен жазма адабиятыбыздын, поэзиябыздын карым-катыштыгы жөнүндө” (Чыгармалар жана ойлор: Адабий сын-макалалар - Ф.: Кыргызстан, 1974); “А.Осмоновдун чыгармаларындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери” (Ала-Тоо, 1957. № 8); С.Жигитовдун “Адабиятыбыздын жаралыш шарттары” (Ала-Тоо, 1980, №7) деген сындуу бир катар илимий макалалар, А.Садыковдун “А.Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук” (1962); “Башатгар жана жаңычылдык” (1993); А.Эркебаевдин “Элдик эпостон адабий эпоско” (1990); С.Жигитовдун «Социальные корни и идеологические предпосылки возниковения новописьменных литератур» (Закономерности развития новописьмсных литератур и проблемы социалистического реализма. - Ф., 1985.); “Ырлар жана жылдар” (1972); К. Бобуловдун “Фольклор жана адабият” (1980); Ш.Үмөталиевдин “Советтик кыргыз адабиятында социалисттик реализм методунун түзүлүшү” (1974) сындуу монографиялык изилдөөлөр жазылып, талкуулар жүрүп турду.

Жазма адабиятыбыздын жаралыш шарттарын талдоого алган К.Асаналиев, К.Артыкбаев, М.Борбугулов, З.Мамытбектов, Б.Маленов, Ч.Жолдошева, Е.Озмитель, С.Жигитов, К.Бобулов, Ш.Үмөталиев, К.Даутов, А.Акматалиев, С.Байгазиев, А.Эркебаев, О.Ибраимов ж.б. эмгектеринде негизги көңүл жаңы жаралган поэзия өкүлдөрүнүн канча кылымдардан бери калыптанган улуттук-психологиялык ойломдон чыгуу, жаңы жаралган турмуш чындыгын аңдоо, жаңы турмушту реалисттик ыкмада көркөм чагылдыруудагы маселелер талданат.

Профессионалдык адабияттын жаралышын адабиятчы С.Жигитов, “20-жылдардагы кыргыз адабияты” (1984), “Обретение новых традиций” (1995) аттуу эмгектеринде өлкөдөгү саясий абалдын алмашышы, социалисттик коомдун курулушу жаңы жанрларды жана формаларды жаратып, профессианалдуу адабияттын түптөлүшүнүн негизин түзгөндүгүн белгилеп, “...Кыргызстан өзүнчө мамлекеттик бирикме катары өнүгө баштаган мезгилде жалпы эле социалисттик, асыресе маданий курулуштун ар тараптан кеңири кулач жайганы кыргыз элинин саясий-маданий жана илимий-техникалык деңгээлин өйдөлөтүү, тарыхый жана маданий чыгармачылыкка шыгын ойготуу,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



улуттук интеллигенция катмарын даярдоо проблемаларын реалдуу чечилүүчү негизге койду. Ошону менен кыргыз совет адабиятынын өнүп-өсүшү үчүн да омоктуу материалдык таяныч, керектүү шарт жагдай эң зарыл духовный атмосфера түзүлгөнүн [6, 247-б.]" жазат. Совет мамлекетинин курулушу менен кыргыз профессионалдуу адабиятынын түптөлүшү орус адабиятынын таасиринде болгонун Токчоро Жолдош уулу Октябрь төңкөрүшү байларды кулатып кедейлерге тизгинди алып бериши менен мамлекет бийлиги жалчыларга өтүп, же алар өз маданиятын курууга, адабиятын түзүүгө киришкенин белгилеп, "Кеңеш мамлекетинде маданияты, адабияты бай эл – орус эли. Бул элдин маданияты кандай болсо, азыр да ошондой бай. Азыркы жалчылар адабиятын курууга ошол орус элинен чыккан жалчы акын, жазуучулары үлгү болмок [13, 86-б.]" - деген пикиринде далилдейт. Ал эми "Кыргыз жазма адабиятынын алгачкы саамалыктары" аталышындагы эмгегинде Заир Мамытбеков профессионалдуу адабияттын жаралышын кыргыздардын жазуу маданиятына ээ болушу менен байланышта карап, "...артта калган майда элдердин социалисттик курулушка тартыш үчүн биринчи иретте алардын өз тилинде жазма-чийме жасап, маданий-агартуу мекемелерин ачып, сөздүн кең маанисиндеги адабиятты өнүктүрүү зарыл эле. Кыргыздын улуттук жазма-чиймеси иштелип чыгып, кыргыз тилинде тунгуч басма сөздүн иштей башташы да мына ушундай зарылчылыктан келип чыккан. Арийне, кыргыз басма сөзү жана профессионалдык адабияты 1924-жылдан башталат, ага чейин кыргыз тилинде басма сөз органы болгон эмес" [10, 106-б.] деген кескин бүтүм чыгарат.

Адабияттын тарыхы боюнча бир топ салмактуу илимий эмгектердин автору Качкынбай Артыкбаев, XX кылымдын башындагы кыргыз элинин тарыхый-саясий абалдарына экскурс жасай келип, профессионалдуу адабиятынын жаралышында канча кылымдан бери калыптанып келген көчмөн цивилизациясы кыртыш болуп бергенинен, XX кылымдын башындагы алдыңкы прогресске умтулуу, билим алууга, дүйнө таанууга аракеттенүү күч болгону менен көпчүлүк эл караңгы бойдон калып, айрым таланттуу адамдар гана билим алып, бирин-серин чыгармалары жарык көрө башташына байланыштырат. Ошондой эле "...ал кездеги жазма адабий мурастардын жанрлык жагдайлары тууралуу сөз кылганда, негизинен поэзия түрүндө гана болгондугун айрыкча белгилеп айтууга туура келет. Кыргыз тилинде массалык түрдө чыгуучу гезит журналдар, басмалар болбогондуктан, кыргыз элинин маданий турмушунда дагы эле элдик оозеки чыгармачылык башкы орунду ээлеп, ал эми бул багытта кыймылдаткыч күч катары кызмат өтөгөн эл ырчыларынын, төкмө акындарынын ойногон ролу зор болгондугун [1, 15-б.]" белгилейт.

1991-жылы кыргыз лирикасынын тарыхын диссертациялык изилдөө кылып жазган, адабиятчы Осмонакун Ибраимов да профессионалдуу поэзиянын жаралыш шарттарын жазууда С.Жигитов, А.Эркебаев, К.Артыкбаев, К.Бобулов, К.Асаналиев сындуу адабиятчылардын пикирине таянуу менен "...Ясны и предпосылки: революция, советская власть, ленинская национальная политика, культурная революция. Но так ли все ясно? Если верно то, что литература есть процесс, "художественное развития человечества", если верно то, что скажем, на появление Пушкина "Работала" вся предшествующая русская литература, то так ли ясен вопрос о том, вследствие каких структурных изменений, жанрово-стилевых сдвигов выпросла собственно поэзия, как эволюционировало художественное сознание, из каких эстетических составляющих сложилось киргизская новописьменная литература, в частности, лирика? [7, 15-б.]" - деген бир катар теориялык маселелерди коюу менен кыргыз поэзиясынын өнүгүү проблемаларын, ал мезгилдеги лириканын тематикалык, поэтикасык өзгөчөлүктөрүнө илимий талдоолорду берет. Башкача айтканда, жазма поэзия Сыдык Карачев, Касым Тыныстанов сындуу калемгерлердин чыгармачылыгынан өнүм алганын, советтик бийликти жаркын күнгө салыштыруу импрвизатор-акын Токтогулдун чыгармаларында да бар экендиги салыштырма планда берилгени менен акындык поэзиянын жазма поэзияга тийгизген таасирлери тууралуу ойлорду кезиктире албайбыз. Демек, профессионалдуу кыргыз адабиятын асыресе, поэзиясынын калыптанышы, өнүгүшү, адабий процесс, мазмун жана форма, жанрдык-стилдик, поэтикалык өзгөрүүлөр тууралуу жазылган адабиятчылардын эмгектеринде жазма поэзиянын жаралышы бир катар фактылар менен белгиленет.

Көпчүлүк илимий адабияттарда "Ырдан – романга", "Импрвизациядан – эпопеяга", "Комуздан – симфониялык оркестрге" чейин деген формулировкалар жазма поэзиянын жаралышындагы элдик оозеки чыгармачылыктын, акындар чыгармачылыгынын таасири, жаңы мезгилге карата идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик жаңылануулар, көркөм аң-сезимдин эволюциялык баскычтарындагы ар түрдүү кубулуштар, адабий процесс жана чыгармачылык таасир маселелери да адабияттын өзгөчө актуалдуу маселелерине арналган. Мезгил өтүп, доор алмашканда ошол элдин жашоо-турмушу жаңыланып, аны менен маданияты, адабияты да жаңы баскычка көтөрүлөрү табигый иш. Мына ошол XX кылымдагы кыргыз элинин тагдырынын чоң бурулуш алышы, жазма адабияттын жаралышын шарттап, мунун негизинде адабият таанууда фольклоризм менен профессионализмдин кесилишиндеги актуал маселелер абдан көп

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



талкууга алынып, татаал өнүгүү жолуна ээ бологун көрөбүз. Орус адабиятында М.Горькийдин дыйкан-жазуучуларга кайрылуусунан [3, 57-б.] башат алып, В.Я. Пропп [3, 20-б.], Д.С. Лихачев [9, 36-б.] сындуу адабиятчылардын фольклор менен адабиятын байланышы, чеберчиликтин теориялык маселелерине талдоо жүрсө, Н. Новикова [11, 78-б.], В. Герасименко [4, 58-б.], А. Б. Голденвайзер [5, 89-б.] ж.б. адабиятчылар айрым чыгармачыл инсандардын фольклорду пайдалануудагы автордук чеберчилик маселелерин, адабияттагы фольклоризмдин ордун, В.Е.Гусев [14, 49-б.] фольклоризмди маданияттын музыка, кино сындуу түрдүү сфераларында берилишин талдоого алган.

**Адабияттар:**


1. Артыкбаев Качкынбай XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында филол. адистиги б-ча окуп жаткан студ.үчүн окуу китеби. – 2-басылыш. - Б.: "Турар", 2015, 656 б.,
2. Бахтин М.М. Эстетика словестного творчества. - М., 1979, 344 б.
3. Выходцев П.В. Новогорство традиции. Мастерство. - Л.: Сов. Писатель, 1973. - С. 257
4. Герасименко В. Толстой и фольклор. - Волгоград: Искусство, 1974. - С. 196.
5. Голденвайзер А.Б. Вблизи Толстого. - М., 1922. - Т.1. - Б.318.
6. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. Китепте: Классикалык изилдөөлөр (Адабият таануу, 1-китеп). Түзгөндөр: А.Акматалиев, К.Даутов, А.Кадырманбетова. - Б., 2017. - 247 б.
7. Ибраимов О. История киргизской лирики. - Бишкек: Кыргызстан, 1991, - 306 с.
8. Керимжанова Б. Творческий путь Дж. Бөкөнбаева, автореф. канд. дисс. - М., 1950. - 245 б.
9. Лихачев Д.С. Человек в литературе древней Руси. - М.: Наука, 1998. - С. 120.
10. Мамытбеков З. Кыргыз совет адабиятынын алгачкы саамалыктары Китепте: Классикалык изилдөөлөр (Адабият таануу, 1-китеп). Түз.: А.Акматалиев, К.Даутов, А.Кадырманбетова. - Б., 2017. - 344 б.
11. Новикова Н. Некрасов и фольклор. - Киев: Наука. Думка, 1973. - С. 418.
12. Пропп В.Я. Фольклор и действительность. - М.: Наука, 1973. - С. 220.
13. Токчоро Жолдош уулу. Көрктүү адабият менен акындарыбыз Китепте: Классикалык изилдөөлөр (Адабият таануу, 1-китеп). Түзгөндөр: А.Акматалиев, К.Даутов, А.Кадырманбетова. - Б., 2017. - 329 б.
14. Гусев В.Е. Эстетика фольклора.- Л.: Наука, 1967.- 316 б.
15. Үметалиев Ш. Аaалы Токомбаев. Критико-библиографический очерк. - Фрунзе, 1958. - 310 б.
16. Кыдырбаева Р.З. Лирика Алыкула Осмонова. - Фрунзе, 1957. - 196 б.
17. Иманалиев К. Киргизская поэзия в период Великой Отечественной войны Советского союза. Автореф. канд. дисс. - М., 1957. - 27 б.
18. Эркебаев А. Становление новописменной литературы в условиях социализма (на материале киргизской советской литературы 1920-1930-х гг.). Автореф. дисс. канд. наук. - М., 1981. - 24 б.
19. Көлбаева М., Самсалиева М. Эпоха, импрозиватор и власть. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 12. С. 192-195